Кол жазма укугунда

УДК: 811.111:811.512.154(043.3)

**БАЙГОБЫЛОВА ГУЛЬНАРА АКЕНОВНА**

# КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНИН МЕНТАЛДЫК СЕМАНТИКАСЫНДАГЫ «ЖҮРӨК/HEART» КОНЦЕПТИ

Философиянын доктору (PhD) илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

530003 Котормо жана котормо таануу
профили «Котормонун теориясы жана практикасы»

**Бишкек-2026**

Диссертация Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин герман филологиясы кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчилери:** Найманова Чолпон Капаровна,
филология илимдеринин доктору, профессор
филология бөлүмүнүн башчысы,
Кыргыз-Түрк "Манас" университети

Бакирова Айгуль Авазбековна,
филология илимдеринин кандидаты,
Армия генералы А.В. Хрулев атындагы
Аскердик материалдык-техникалык
жактан жабдуу академиясынын чет тилдер
кафедрасынын доценти

Диссертацияны коргоо 202 -жылдын _____ _____ саат ______Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин философиянын доктору (PhD) илимий даражасын коргоо үчүн түзүлгөн калыстар тобунун жыйынында өтөт. Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспекти, 44.

Илимий катчы: филология илимдеринин кандидаты, доцент
Вальваков Р.В.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** эки башка түзүлүштөгү тилдерде «Жүрөк/Heart» концептин комплекстүү когнитивдик-салыштырма изилдөө зарылдыгы менен аныкталат. Концепттин мотивациялоочу, түшүнүктүк, категориялык, образдык жана символдук белгилерин бир бүтүн система катары ажыратуу базалык соматикалык түшүнүктөрдү концептуалдаштыруунун универсалдуу жана этноспецификалык механизмдерин аныктоого мүмкүндүк берет. Тема котормо таануу үчүн да актуалдуу: маданий концепттерди берүү заманбап котормо теориясынын борбордук маселелеринин бири болуп саналат. Кыргыз котормо таануусунда кыргызча-орусча түгөйдө олуттуу тажрыйба топтолуп, акыркы жылдары кыргызча-англисче котормонун маселелери да атайын изилдөөнүн предмети болуп келет. Ошону менен бирге бул түгөйдө котормо маселелери концептуалдык деңгээлде, тилдик бирдиктерди концепттин когнитивдик белгилери менен байланыштыруу жана эквиваленттүүлүктүн типтери аркылуу концептуалдык асимметрияны аныктоо деңгээлинде, системалуу иштелип чыга элек.

**Теманын изилдениш деңгээли.** «Жүрөк» концепти жана анын ар кандай тилдердеги эквиваленттери Р.Р. Данилова, И.А. Сапегина, О.Н. Кондратьева, З.Р. Цримова, Ч.А. Асылбекова, А.А. Султангубиева ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде каралган; эң толук сүрөттөө М.В. Пименованын «Концепт сердце: Образ. Понятие. Символ» монографиясында берилген. Кыргызстандын лингвоконцептологиясында отуздан ашуун концепт анализденген, алардын ичинде соматикалык концепттер да бар (Ы.А. Темиркулова, Ж.К. Айтибаева). Бирок аларда концепттин бир же эки катмары гана деталдаштырылып, салыштыруу негизинен кыргызча-орусча түгөйдө жүргүзүлөт, концептуалдык асимметрия котормо эквиваленттүүлүгү аркылуу бааланбайт. Бизге белгилүү булактарда «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин түзүлүшүн лингвомаданий аспектиде комплекстүү салыштырган эмгектер жок.

**Изилдөөнүн объектиси** – кыргыз жана англис тилдериндеги «Жүрөк» жана «Heart» концепттерин вербалдаштыруучу тилдик бирдиктер. Объекттин алкагында котормо таануу талдоосунун **атайын объектиси** катары «жүрөк/heart» компоненттүү фразеологиялык бирдиктер жана алардын котормо дал келүүлөрү бөлүнүп каралат: дал ушул бирдиктерде улуттук-маданий өзгөчөлүк, образдуулук жана котормо эквиваленттүүлүгүнө жетүү маселеси айкын көрүнөт, ал эми алардын структурасы менен маанисинин салыштырмалуу туруктуулугу системалуу салыштырууга мүмкүндүк берет.

**Изилдөөнүн предмети** – аталган концепттердин когнитивдик белгилери (мотивациялоочу, түшүнүктүк, категориялык, образдык, символдук), алардын эки тилдик дүйнө сүрөтүндөгү вербалдашуу өзгөчөлүктөрү, ошондой эле «жүрөк/heart» компоненттүү фразеологиялык бирдиктердин котормо эквиваленттүүлүгүнүн типтери жана аларда чагылган концептуалдык асимметрия.

**Изилдөөнүн максаты** – «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин когнитивдик белгилерин жана фразеологиялык бирдиктеринин котормо эквиваленттүүлүгүн салыштырма талдоонун негизинде алардын кыргыз жана англис тилдик дүйнө сүрөттөрүндөгү вербалдашуу өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана сыпаттоо.

Коюлган максатка ылайык төмөнкү **милдеттер** аткарылат:

– концептти лингвомаданият таануу жана котормо таануу парадигмаларында изилдөөнүн теориялык негиздерин карап чыгуу;
– концепттердин базалык когнитивдик белгилерин мотивациялоочу, түшүнүктүк жана категориялык мүнөздөмөлөрү аркылуу аныктоо жана системага салуу;
– концепттердин образдуу-метафоралык реализацияларына салыштырма анализ жүргүзүү;
– концепттердин символдук белгилерине салыштырма анализ жүргүзүү;
– фразеологиялык бирдиктердин котормо эквиваленттүүлүгүн А.В. Кунин менен Л.К. Байрамованын төрт баскычтуу типологиясы боюнча талдап, аныкталган типтерди Х.Ф. Айхеланын «сактоо – алмаштыруу» стратегиялары жана Ж. Хаустун ачык/жашыруун котормо модели боюнча чечмелөө.

**Иштин жаңы илимий натыйжалары:**

– кыргыз жана англис лингвомаданияттарында «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин базалык когнитивдик белгилери – мотивациялоочу, түшүнүктүк жана категориялык мүнөздөмөлөрү – комплекстүү аныкталып, системага салынды; алынган натыйжалар концепттердин структуралык-мазмундук өзгөчөлүгүн белгилөөгө мүмкүндүк берди;
– концепттердин образдык бөлүгүнө комплекстүү анализ жүргүзүлүп, эки лингвомаданиятта метафоралык туюндуруунун өзгөчөлүгү ачылды;
– концепттердин символдук бөлүгүнө комплекстүү анализ жүргүзүлүп, символдук репрезентациянын улуттук өзгөчөлүгү ачылды;
– «жүрөк/heart» компоненттүү фразеологиялык бирдиктер кыргызча-англисче түгөйдө биринчи жолу А.В. Кунин менен Л.К. Байрамованын эквиваленттүүлүк типологиясы боюнча классификацияланып, алынган типтер Х.Ф. Айхеланын маданий-спецификалык бирдиктерди берүү стратегиялары жана Ж. Хаустун ачык/жашыруун котормо модели аркылуу чечмеленди;
– концептуалдык сыпаттоо котормо материалында сырттан текшерилип, котормо эквиваленттүүлүгүнүн деңгээли образдын катмары жана соматизмдин сакталышы менен аныктала тургандыгы көрсөтүлдү: денелик негиз да, соматизм да дал келгенде – толук жана жарым-жартылай эквиваленттер, образ же соматизм алмашканда – аналогдор, образ улуттук практикага байланганда – лакуналар пайда болот.

**Иштин теориялык мааниси** алынган натыйжалардын когнитивдик лингвистика, лингвомаданият таануу, маданият аралык коммуникация жана котормо таануу үчүн кызыкчылык туудурушунда. Иште сыналган концепттин белгилерин ырааттуу ажыратуу методикасы башка соматикалык концепттерди сыпаттоодо да пайдаланылышы мүмкүн. Фразеологиялык эквиваленттүүлүктү образдын катмары менен байланыштырып талдоо процедурасы кыргызча-англисче тил түгөйүндө биринчи жолу колдонулуп, аны башка тил түгөйлөрүндөгү соматикалык фразеологияны изилдөөдө пайдаланууга жол ачат жана концептология менен котормо таануунун чектешинде талдоо куралын сунуштайт.

**Иштин практикалык баалуулугу** – натыйжалар «Жалпы тил илими», «Лингвомаданият таануу», «Этнолингвистика», «Котормо теориясы», «Салыштырма типология» курстарында, концептология боюнча атайын курстарда, котормочуларды даярдоодо жана эки тилдүү фразеологиялык, концептуалдык сөздүктөрдү түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Методология жана изилдөө ыкмалары.** Изилдөөнүн теориялык-методологиялык базасын когнитивдик лингвистика, лингвомаданият таануу, концептология, текст лингвистикасы жана котормо таануу боюнча эмгектер (В. фон Гумбольдт, Э. Сепир, Б. Уорф, С.Г. Воркачев, В.И. Карасик, В.А. Маслова, М.В. Пименова, Н.Д. Арутюнова, В.В. Колесов, М. Хэллидей, И.Р. Гальперин, В.Н. Комиссаров, Я.И. Рецкер ж.б.), ошондой эле кыргыз окумуштууларынын эмгектери (М.Дж. Тагаев, К.З. Зулпукаров, З.К. Дербишева, У.Ж. Камбаралиева, К.Х. Джидеева ж.б.) түздү.

**Изилдөө ыкмалары:** концептуалдык талдоо, сөздүк дефинициялардын талдоосу, компоненттик, этимологиялык, дистрибутивдик, контексттик, салыштырмалуу-типологиялык талдоо, фразеологиялык сыпаттоо, котормо таануу талдоосу, параллель тексттерди салыштыруу, ошондой эле сүрөттөөчү-сандык ыкма. Негизин Санкт-Петербург – Кемерово мектебинин концепттин белгилерин ырааттуу ажыратуу методикасы түзөт: ачкыч сөздү аныктоо жана тилдик материалды чогултуу; мотивациялоочу белгилерди этимологиялык реконструкциялоо; алардын материалдагы актуалдашуусун текшерүү; сөздүк дефинициялар боюнча түшүнүктүк белгилерди сыпаттоо; категориялык белгилерди аныктоо; жансыз жана жандуу табияттын образдык белгилерин ажыратуу; символдук белгилерди аныктоо.

Изилдөөнүн котормо таануу аспектиси А.В. Кунин менен Л.К. Байрамованын фразеологиялык эквиваленттүүлүктүн төрт баскычтуу типологиясына (толук эквивалент – жарым-жартылай эквивалент – фразеологиялык аналог – лакуна), Х.Ф. Айхеланын стратегияларынын классификациясына («сактоо – алмаштыруу» шкаласы) жана Ж. Хаустун ачык/жашыруун котормо моделине таянат.

**Изилдөөнүн материалы.** 8 этимологиялык жана 10 түшүндүрмө сөздүктүн маалыматтары; 176 фразеологиялык бирдик (төрт кыргыз сөздүгүнөн «жүрөк»

компоненттүү 93 бирдик жана беш англис сөздүгүнөн «heart» компоненттүү 83 бирдик); XIX–XX кылымдардын англис жана америка адабиятынын тексттери (Project Gutenberg) менен British National Corpus материалдары, кыргыз тилинде – Manas UdS Corpus, кыргыз классикасы, «Семетей» эпосу, элдик ырлар менен толукталган. Картотеканын жалпы көлөмү – 3500 мисал (1800 кыргыз, 1700 англис). Эквиваленттүүлүк типтеринин көркөм котормодо ишке ашышын сынамык түрдө текшерүү үчүн К. Акматовдун «Архат» романы жана анын А. Керексизова аткарган англисче котормосу, ошондой эле «Манас» эпосунун С. Каралаевдин вариантындагы «Манастын төрөлүшү» эпизоду жана анын Э. Кёчүмкулкызы аткарган котормосу колдонулду. Талдоого 36 мотивациялоочу, 42 түшүнүктүк белги, 7 категориялык тип, 194 образдык белги (69у жалпы, 59у «Жүрөк», 66сы «Heart» концептине таандык) жана 6 символдук функция тартылды. Тандалмага ачкыч сөзү (жүрөк, heart) же анын сөз жасоо уясынын компоненти катышкан, ишенимдүү булакта катталган бирдиктер киргизилди, мында булактын тиби белгинин тибине жараша аныкталат: мотивациялоочу жана түшүнүктүк белгилер этимологиялык жана түшүндүрмө сөздүктөрдүн маалыматтары боюнча, ал эми сөздүк дефинициясынан келип чыкпаган категориялык, образдык жана символдук белгилер көркөм жана корпустук тексттер боюнча аныкталды. Эч бир булакта тастыкталбаган окказионалдык колдонулуштар талдоого киргизилген жок; орфографиялык дублеттер бир бирдикке келтирилди. Котормо эквиваленттүүлүгүн талдоодо эсептөө бирдиги катары фразеологиялык бирдиктин өзүнчө мааниси алынды: кыргыз материалы 97 маанини, англис материалы 68 маанини түздү (англис тандалмасындагы 15 терминологиялык композит талдоого кирген жок).

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Кыргыз жана англис тилдик дүйнө таанымдарында «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин базалык когнитивдик белгилери – мотивациялоочу, түшүнүктүк, категориялык – ар кандай деңгээлде актуалдашат; бул айырма жүрөктү физикалык орган жана руханий-эмоционалдык борбор катары түшүнүүнүн маданий өзгөчөлүгү менен шартталган.
2. Концепттердин образдуу репрезентациясынын түрлөрү (стихиялык, артефактык, зооморфтук, антропоморфтук, эмотивдик) универсалдуу, ал эми ошол түрлөрдүн мазмундук толукталышы маданий-спецификалык мүнөзгө ээ.
3. Концепттердин символдук белгилеринде универсалдуу компоненттер (сүйүү, эрдик, жашоо күчү) менен символдоштуруунун улуттук-спецификалык айырмачылыктары айкалышат.
4. «Жүрөк/Heart» концептинин фразеологиялык бирдиктеринин котормо эквиваленттүүлүгүнүн деңгээли образдын катмары жана соматизмдин сакталышы менен аныкталат: универсалдуу денелик

негиз соматизмдин дал келиши менен коштолгондо толук жана жарым-жартылай эквиваленттер, образ же соматизм алмашканда фразеологиялык аналогдор, образ улуттук практикага байланганда лакуналар пайда болот.

**Натыйжалардын ишенимдүүлүгүнүн даражасы.** Изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү теориялык базанын өкүлдүүлүгү (349 булак), эмпирикалык материалдын көлөмү (3500 контекст, 176 фразеологиялык бирдик), тандоо критерийлеринин жана классификациялоо принциптеринин ачык баяндалышы, ошондой эле ар бир белгинин булактар боюнча таралышын тиркемелерде көрсөтүү аркылуу натыйжалардын кайра текшерилүүчүлүгүн камсыз кылуу менен аныкталат. Аныкталган типтердин көркөм котормодо ишке ашышы пилоттук деңгээлде текшерилди (31 контекст).

**Иштин апробациясы.** Изилдөөнүн натыйжалары 3 эл аралык жана 1 улуттук илимий-практикалык конференцияда, 3 илимий семинарда баяндалып, 8 макалада жарыяланган.

**Иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, ар бир бап боюнча тыянактары менен үч баптан, жалпы корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана жети тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү – 273 бет, анын ичинен негизги текст – 215 бет; текстте 12 таблица берилген.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

## 1-БАП. ЛИНГВОМАДАНИЯТ ТААНУУ ЖАНА КОТОРМО ТААНУУ ПАРАДИГМАЛАРЫНДА КОНЦЕПТТИ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

### 1.1. Дүйнөнүн тилдик сүрөтү жана аны салыштырма изилдөөнүн лингвомаданияттык негиздери

Лингвомаданият таануунун предметин аныктоодогу ар кандай мамилелер бир жободо биригет: тил маданияттын тышкы кабыгы эмес, анын ички уюштуруучу формасы (тил – маданияттын шарты, негизи жана продукту, В.А. Маслова), ал эми М.М. Бахтиндин маданияттар диалогу жөнүндөгү жобосу салыштырма концептуалдык изилдөөнү негиздейт. Концептуалдык жана тилдик дүйнө сүрөттөрүнүн көлөмү бири-бири менен дал келбейт: тил чындыкты тандалма түрдө атайт, ошондуктан концепттин вербалдашуусундагы айырмачылык кайсы тажрыйбанын тилде бекемделүүгө татыктуу деп табылганын да көрсөтөт. Концепттин мазмуну түз аныктама аркылуу эмес, аны камтыган бирдиктерде кайталанган белгилер аркылуу калыбына келтирилет (Ю.Д. Апресян, А. Вежбицкая), ал эми когнитивдик метафора теориясы соматизмдеги универсалдуу дене тажрыйбасын жана аны чечмелеген улуттук образдар системасын ажыратууга мүмкүндүк берет. Кыргыз тилдик дүйнө сүрөтү көчмөндүк жашоо образы, тоо рельефи, мал чарбачылыгы жана туугандык системасы менен, англис тилдик дүйнө сүрөтү аралдык абал, деңиз соодасы, колониалдык тарых жана протестанттык этика менен шартталган.

### 1.2. Когнитивдик лингвистикадагы менталдуулук жана концепт: теориясы жана изилдениш абалы

Менталдуулук тилдин лексикасында, грамматикасында жана фразеологиясында бекемделет, анын тилдик экспликациясынын башкы формасы – концепт: «түшүнүктөн» айырмаланып, ал эмоционалдык, экспрессивдик жана баалуулук компоненттерин камтыйт. Когнитивисттик жана лингвомаданияттык багыттар бири-бирин толуктайт: биринчиси жеке аң-сезимден маданиятка, экинчиси маданияттан жеке аң-сезимге карай багытталат (В.И. Карасик); алардын айкалышы иштин методологиялык принцибин, ал эми М.В. Пименованын мотивациялоочу, түшүнүктүк, категориялык, образдык жана символдук белгилерди ажыратуу методикасы сыпаттоонун структуралык негизин түзөт. Кыргыз лингвоконцептологиясында отуз жылда провербиалдык материалды когнитемалык жалпылоо, ассоциативдик эксперимент, номинативдик-функционалдык талааны моделдештирүү, этимологиялык-деривациялык реконструкция, көркөм текстти булак катары тартуу жана тилдер аралык салыштыруу ыкмаларын колдонуу менен отуздан ашуун концепт сыпатталды. Бирок концепттин беш катмары бир бүтүн система катары ажыратылган иштер жокко эсе; салыштыруу негизинен кыргыз-орус жупталышында жүргүзүлүп, англис тилинин материалы концептуалдык деңгээлде системалуу түрдө тартылган эмес.

### 1.3. «Жүрөк/Heart» концептинин маданий-тарыхый башаттары

Концепттин образдык жана символдук белгилери тилге маданий-диний дискурстардан өтөт. Батыш линиясында өнүгүү Эмпедокл, Платон жана Аристотелден Гален менен болгон талаш аркылуу У. Гарвейге чейин, Байыркы Мисирдин Маат таразасынан жана ибрий *леб/лебаб* түшүнүгүнөн Августин, Фома Аквинский, Б. Паскаль жана романтизмге чейин созулуп, жүрөктү жеке инсандын өз алдынча ички дүйнөсүнүн символуна айландырган. Чыгыш салттарында жүрөк – Атман менен Брахман жолуккан мейкиндик, *бодхичиттанын* негизи, сезим менен ойлоонун биримдиги (*синь* 心); исламда *калб* этимологиялык жактан «айлануу, өзгөрүүгө» барып такалып, суфизмде Кудайдын жарыгын чагылдырган күзгү катары чечмеленет; бул мурас кыргыз маданиятына түрк тилдүү жазма салты аркылуу жеткен. Фольклор үч универсалдуу теманы ачат – жүрөк жашоо күчүнүн сактагычы, адеп-ахлактык өлчөм жана баатырлык күчтүн булагы; алар англосакс баатырдык лексикасында жана куртуаздык моделдерде (*take heart*, *to break one's heart*), кыргыз материалында «кут», *жүрөгү түшүү*, *жүрөк көтөрүү* түшүнүктөрүндө жана «Манас» мотивдеринде бекемделген. Эки лингвомаданияттын жалпылыгы жүрөктү жашоонун, сезимдин жана адеп-ахлактын борбору катары кароодо, айырмачылык ошол борбордун жеке автономияга же жамааттык-руханий баалууluктарга карай багытталышында.

### 1.4. Концепт котормо таануунун объектиси катары: теориялык алкак жана талдоо процедурасы

Которулуучулук маселеси салыштырмалуу которулуучулук принцибин негиздеп, ал эквиваленциз лексика, лакуна (В.Н. Комиссаров) жана реалия (С. Влахов – С. Флорин) түшүнүктөрүндө конкреттештирилди; ушуга ылайык *жүрөк көтөрүү*, *жүрөгү түшүү* сыяктуу бирдиктер этнографиялык реалияларга кирет. Ю. Найда, Дж. Кэтфорд жана В.Н. Комиссаровдун моделдери эквиваленттүүлүктү градациялык категория катары карап, А.В. Кунин менен Л.К. Байрамованын типологиясы бул шкаланы фразеологияга ыңгайлаштырат жана салыштыруунун төрт критерийин – маани, образдык негиз, структуралык-грамматикалык модель жана лексикалык курам – аныктайт; котормо чечимдери Х.Ф. Айхеланын «сактоо – алмаштыруу» шкаласы жана Ж. Хаустун ачык/жашыруун котормо модели аркылуу сыпатталат. Кыргызча-орусча түгөйдө бай тажрыйба топтолгону менен, кыргызча-англисче түгөйдө концепттик деңгээлдеги котормо маселелери системалуу иштелип чыга элек; ошондуктан тандалып алынган аппарат материалга ырааттуу процедура аркылуу – корпус түзүүдөн баштап стратегияларга проекциялоого жана аныкталган типтерди параллель тексттерде текшерүүгө чейин – колдонулуп, талдоонун текшерилүүчүлүгү жана кайталанышы камсыз кылынды.

## 2-БАП. «ЖҮРӨК» ЖАНА «HEART» КОНЦЕПТТЕРИНИН БАЗАЛЫК БЕЛГИЛЕРИ

### 2.1. «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин мотивациялоочу белгилери

Концепттин өзөгүн түзгөн мотивациялоочу белгилер анын баштапкы маанилерин камтыйт жана этимологиялык сөздүктөрдө чагылдырылат. «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин мотивациялоочу белгилерин изилдөө үчүн 8 этимологиялык сөздүк талданып, 36 белги аныкталды. Алар беш негизги топко бөлүнөт:

1) «Ички, ичтеги» тобу – жүрөктү дене ичиндеги жашыруун орган катары мүнөздөп, адамдын эң терең сырларын сактоочу ички аалам маанисине өткөрөт. «Ички» белгиси эки тилде *терең* сын атоочу, *түпкүр*, *depth* зат атоочтору, *down* тактоочу аркылуу актуалдашат. Анын «ички органдар» варианты «ашказан, курсак, өт, өпкө» белгилерин камтыйт (жүрөккө тамак барбоо, heartburn).

2) «Борбор» тобу – жүрөктүн организмдин жана сезимдердин борбору катары кабылданышын чагылдырат. Ал белги англис тилинде кыйла кеңири: heart жалындын, мезгилдин ортосун, өсүмдүктүн өзөгүн билдирет; кыргызча «борбор» мааниси бир гана сөздүктө катталган жана бир нерсенин маанилүү бөлүгү катары колдонулат.

3) «Жан» тобу – жүрөктүн руханий жана психологиялык аспектилерин билдирет. Эки тилде тең жүрөк жандын жайгашкан жери, материалдык дене менен руханий жандын ортосундагы көпүрө болуп саналгандыктан,

«Жүрөк/Heart» менен «Жан/Soul» синоним катары колдонулуп, параллелдүү конструкцияларды түзөт (жүрөгү/жаны жок, bless one's heart/soul).

4) «Кайраттуулук, эр жүрөктүүлүк» тобу – кыйынчылыкты жеңүүчү күчтүн мүнөздөмөлөрүн камтыйт. Түрк элдеринин маданиятында эр жүрөк, душманга каршы тайманбастан чабышкан баатырлар жогору бааланган. Кыргыз тили бай дериваттар аркылуу өнүгүп (жүрөктүү, жүрөксүз, жүрөксүнүү), эпикалык салт менен байланышта болсо, англис тилинде ал белги *have heart to/for*, *take heart* аркылуу эрк жана чечкиндүүлүк маанисин берет.

5) «Кыймыл» тобу – жүрөктүн физиологиялык функциясын билдирет жана анын кыймылын кыргыз тилинде *козголуу, болкулдоо, делбирөө, титирөө,* англис тилинде *quake, thrill, shiver, tremble, flutter* ж.б. көптөгөн этиштер сүрөттөйт. Жүрөк сөзүнүн өзү «йүр-» (басуу, кыймылдоо) этишине барып такалышы кыймыл семасы кыргыз концепти үчүн этимологиялык жактан баштапкы белги экенин далилдейт.

Бул беш топтон сырткары жүрөктүн эмоциялык жана интеллектуалдык функциялары *түшүнүү, билүү, угуу, сүйлөө*, *көрүү* этиштери аркылуу актуалдашары; моралдык сапаттардан эки тилде тең «жакшы/жаман», «таза/кир» дихотомиялары баалоонун негизги параметрлерин түзөрү, жана кыргыз тили үчүн «ак/кара» колоративдик белгилери мүнөздүү экени белгилүү болду.

Салыштырмалуу анализ көрсөткөндөй, 36 мотивациялоочу белгинин 23ү эки концептте тең катталып, жалпы концептуалдык уюткуну түзөт (бардыгы «Жүрөк» – 28, «Heart» – 31 белги). Беш белги – *энергия, эмгекчилдик, боорукердик, кыймылдоо/басуу* жана *адеп-ахлак* – бир гана «Жүрөк» концептине, сегиз белги – *калта, өзөк, ишенимдүүлүк, каалоо, сүйүү, тынчсыздануу, эс тутум* жана *секирүү* – бир гана «Heart» концептине таандык. Универсалдуу физиологиялык өзөк бирдей болгону менен, улуттук-маданий перифериялар айырмаланат: кыргыз тилинде концепт *кайраттуулук, кыймыл* жана *адеп-ахлактык өзөк* маанилерине карай тереңдесе, англис тилинде борбордук-структуралык, репродуктивдик (калта → жатын) жана рационалдык-когнитивдик (by heart) маанилерге карай кеңейген.

### 2.2. «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин түшүнүктүк белгилери

10 түшүндүрмө сөздүктүн анализинин жыйынтыгында 42 түшүнүктүк белгинин аныкталышы «Жүрөк» концептинин семантикалык структурасынын кеңейишин көрсөттү. Мотивациялоочу белгилердин негизинде жаңы маанилер өнүгүп, ал эми кээ бир белгилер жоголуп кеткендиги аныкталды.

«Кан айландыруучу орган» белгиси – эки тилдин сөздүктөрүндө биринчи маани, жана ал *кагуу, дүкүлдөө*, *beat, hammer* ж.б. акустикалык метафоралар аркылуу берилет. Жүрөктүн кагышы – эмоциянын көрсөткүчү, ага байланышкан «көкүрөк» белгиси көкүрөккө кол коюу жаңсоосунда актуалдашып, чынчылдыкты, текебердикти же толкундоону билдириши мүмкүн.

«Сезимдердин топтолгон жери» белгиси адамдын ички дүйнөсүнүн бүткүл спектрин камтыйт. Merriam-Webster сөздүгүндө берилген HEART лексемасынын

*compassion, love, affection* маанилери *sympathy, pity* зат атоочтору аркылуу актуалдашат. «Жүрөк» концептинин «сүйүү» белгиси төмөнкү мисалдарда ачык көрүнөт: сүйгөн адамга жүрөк энчиленет, сүйүү жүрөктү жаралайт, эзет, так салат, ашык болгон жүрөк күйөт, жалындайт.

Cambridge Dictionary сөздүгү белгилегендей, HEART лексемасы «адамдын мүнөзү» маанисин алып жүрөт. Жакшы сапаттарга боорукердик, чынчылдык, кең пейилдик, жупунулук; жаман сапаттарга таш боордук, өзүмчүлдүк, мерездик кирет. Англис тилинде бул белги дефистик композиттер (kind-hearted, warm-hearted) жана баалуулук метафоралары (heart of gold) аркылуу берилет. Кыргыз тилинде ал негизинен колоративдик оппозиция аркылуу туюндурулуп, «ак жүрөк» ак ниеттүүлүктү, «кара жүрөк» таш боордукту билдирет; ошондой эле «муз» жана «таш» метафоралары колдонулат.

«Борбор, негиз» белгиси бардык сөздүктөрдө негизги маанилердин бири: HEART лексемасы шаардын, теориянын, саясаттын борборун билдирет (heart of the matter); кыргызча жүрөк жан дүйнөнүн борбору, эң баалуу нерселердин сакталуучу жайы. Ал эми «ошол борбордун эң терең бөлүгү» маанисин берүү үчүн *heart of hearts, heart's core* жана *жүрөктүн толтосу* фразеологизмдери колдонулат.

Мотивациялоочу белги менен дал келген «кайраттуулук» белгиси түшүнүктүк мааниде дагы сакталып калган. Кыргыз тилинде адамдын тайманбастыгы же коркоктугу стихиялык (жүрөгүндө оту бар), зооморфтук (жүрөгүндө жалы бар, коен жүрөк), артефакттык (жүрөгү курч/мокок), мейкиндиктик (жүрөгү тоо, суу жүрөк), колоративдик (жүрөгүндө кара жок) жана сандык (*жүрөгү эки*) белгилер аркылуу берилет. Англис courage сөзү *cor* (жүрөк) уңгусунан келсе да, негизинен *have heart to/for* (бир нерсе кылууга эрки жетүү) аркылуу туюндурулат.

Салыштырмалуу талдоо көрсөткөндөй, 42 түшүнүктүк белгинин 31и эки тилде тең актуалдашып, жалпы түшүнүктүк өзөктү түзөт, 7си англис тилине гана (чыдамкайлык, ишенимдүүлүк, жупунулук ж.б.), 4өө кыргыз тилине гана мүнөздүү *(*каардануу, эрдик-баатырдык, айлана багыты, толкуу). Кыргыз тилинде «эрдик» белгисинин басымдуулугу баатырдык-эпикалык салттын таасирин тастыктаса, англис тилинде «чыдамкайлык» белгисинин басымдуулугу батыш маданиятынын рационалдуулукка багытталгандыгын көрсөтөт. «Акыл», «ой», «каалоо», «ниет» белгилери эки тилде тең катталганы менен, англис тилинде алар HEART лексемасына топтолсо, кыргыз тилинде акыл менен ой ЖҮРӨК аркылуу, каалоо менен ниет көбүнчө чектеш КӨҢҮЛ лексемасы аркылуу берилет. Мейкиндиктик багытта да айырма бар: вертикаль боюнча кыймыл эки тилге тең мүнөздүү болсо, айлана боюнча кыймыл (жүрөгү айлануу) кыргыз тилинде гана колдонулат.

### 2.3. «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин категориялык белгилери

Санкт-Петербург–Кемерово мектебинин классификациясы боюнча категориялык белгилерге дименсионалдык, квалитативдик, квантитативдик, колоративдик, мейкиндиктик, темпоралдык жана баалык белгилер кирет.

Дименсионалдык белгилер салмак жана көлөмдү камтыйт: «Heart» концептинин салмак белгиси *heavy/light* сын атоочтору, көлөм белгиси *big* сын атоочу жана *shrink/dilate* этиштери аркылуу актуалдашса, «Жүрөк» концептинин белгилери *жеңилдөө, кысылуу* этиштери, *жоон* сын атоочу жана кыйыр түрдө *тоо* (чоң) жана *томуктай* (кичине) образдары менен берилет.

Квалитативдик белгилер жүрөктүн касиеттерин сүрөттөйт: англисче туунду композиттер аркылуу (simple-, hard-, soft-, tender-hearted), кыргызча *назик, кургак, сезимтал* сын атоочтору, «катуу/жумшак» белгилери *катыга элек, элжиретүү, таш жүрөк* фразалары аркылуу кыйыр түрдө берилет.

Баалык-баалуулук белгилери моралдык (good-hearted, bad-hearted), мүлктүк (heart of gold, silver heart) жана эстетикалык-гигиеналык (pure heart, таза/кир жүрөк) баа болуп бөлүнөт. Англис концепти үч типтеги бааны тең толук камтыса, кыргыз концепти негизинен эстетикалык-гигиеналык баа менен берилип, бул эки лингвомаданияттын баалуулук багыттарынын айырмасын чагылдырат.

Квантитативдик белгилер эки тилде тең сейрек, жана алар сандык метафоралардын маданий өзгөчөлүгүн чагылдырат: англисче «жарым» белгиси (half-hearted) кайдыгерликти, кыргызча «эки» белгиси (жүрөгү эки, кош жүрөк) тайманбастыкты билдирет.

Колоративдик белгилер да сейрек кездешип, тилдик дүйнө таанымдардын маданий детерминациясын ачык көрсөтөт: кыргызча «ак жүрөк» – «кара жүрөк» оппозициясы түшүнүктүк дуализмди түзүп, *агаруу/карaруу* этиштери менен да берилсе, англисче бир гана *black heart* (ырайымсыз адам) белгиси аныкталды.

Мейкиндиктик белгилер эки тилде тең ландшафт метафоралары аркылуу берилет: англисче жүрөк *деңизге, аралга, жолго, үйгө, сарайга* салыштырылса, кыргыз тилинде *асман, көл, өлкө, гүлзар, бакча, имарат* образдары колдонулат. Кыргыз концепти кыйла кенен мейкиндик катары концептуалдашып, бул эки тилдик дүйнө таанымдагы мейкиндиктик ориентациянын айырмасын чагылдырат.

Темпоралдык белгилер негизинен кыйыр мааниде берилип, эки концепт үчүн универсалдуу болуп саналат. Сутканын бөлүктөрү күн/ай, жарык/караңгы образдары аркылуу (күн/ай жаркырайт жүрөктө, brightness/darkness in the heart), «сезон» белгиси *кыш, муз* зат атоочтору, *эрүү, melt* этиштери аркылуу, «аба ырайы» англисче *storm* этиши, *cold/warm-hearted* сын атоочтору, кыргызча *жылуу, ысуу, муздоо* этиштери аркылуу берилет.

Жалпысынан димeнсионалдык, квалитативдик жана баалык белгилер кеңири колдонулуп, квантитативдик менен колоративдик сейрек кездешээри, мейкиндиктик жана темпоралдык белгилер негизинен образдык мааниде колдонулары аныкталды. «Heart» концептинин категориялык белгилери

көбүрөөк вербалдашып, лексикалык-семантикалык өрүшү кеңирээк болгону менен, «Жүрөк» эмоционалдык-руханий сфераны тереңирээк чагылдырат.

Жүргүзүлгөн изилдөө «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин семантикалык эволюциясы эки тилде тең физиологиялык базадан баштап психологиялык, социалдык жана рухий аспектилерге жайылганын көрсөтөт. Концепттин өзөгүн түзгөн мотивациялоочу белгилер (ички орган, борбор, жан, кайраттуулук, кыймыл) туруктуу сакталып, түшүнүктүк жана категориялык белгилер менен байыган.

Негизги жалпы белгилерге *кан айландыруучу орган, ички органдар, сезимдердин жайгашкан жери, руханий дүйнө, борбор, кыймыл* кирет. Улуттук-маданий айырмачылыктар эрдик-чечкиндүүлүк оппозициясында, колоративдик белгилердин колдонулушунда жана метафоралык системаны түзүүдө көрүнөт.

## 3-БАП. «ЖҮРӨК» ЖАНА «HEART» КОНЦЕПТТЕРИНИН ОБРАЗДЫК, СИМВОЛДУК РЕПРЕЗЕНТАЦИЯСЫ ЖАНА КОТОРМО ЭКВИВАЛЕНТТҮҮЛҮГҮ

### 3.1. «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин образдык белгилери

Концепттин образдык компоненти ассоциативдик түрдө кабылданат: Дж. Лакофф менен М. Джонсондун теориясы боюнча ой-жүгүртүү метафоралык болгондуктан, «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин образдык белгилери жансыз табияттын (стихиялык, заттык, буюмдук, тамактык, артефакттык) жана жандуу табияттын (вегетативдик, соматикалык, виталдык, эмотивдик, зооморфтук, антропоморфтук, менталдык, перцептивдик) метафоралары аркылуу актуалдашат.

**Жансыз табияттын белгилери:**

1. Стихиялык белгилер

М.В. Пименованын айтымында, жүрөк – тирүүлүктүн ички суу булагы. Кыргыз тилинде «суу» модели эмоционалдык абалдардын кыймылдуулугун сүрөттөгөн *чайпалуу, толкуу* этиштери жана *көл, ташкын, толкун* зат атоочтору менен актуалдашса, англис тилиндеги *depth* зат атоочу, *pour, melt* этиштери англисче метафоралардын абстрактуулугун көрсөтөт.

«Суу» макромоделинин варианты катары «муз» модели (*муз* зат атоочу, *тоңуу, эрүү* этиштери) кездешет; эмоционалдык температура метафорасы эки тилге тең мүнөздүү: муздак жүрөк сезимсиздикти, жылуу жүрөк боорукердикти билдирет. «Аба» модели кыргыз тилинде гана аныкталды (жүрөгү шуу этүү).

«От» модели жүрөктүн эң продуктивдүү белгилеринин бири. «Жүрөк/Heart» концептинин «от» белгиси кыргыз тилинде *жалын* зат атоочу, *жагылуу, тутандыруу, күйүү, алоолонуу, өрттөнүү, түтөө, чок болуу, өчүү* этиштери, англис тилинде *glow, burn, inflame, kindle* этиштери жана *flame, fire* зат атоочтору аркылуу адамдагы эмоционалдык интенсивдүүлүктү чагылдырат.

«Жер» модели топурак белгиси менен берилет: «жүрөктө гүл өнөт» мисалында жүрөк топуракка, сезимдер өсүмдүккө салыштырылат; англис

тилинде ал *root, sow, plant* этиштери аркылуу актуалдашат. «Таш» варианты англис тилинде (stone, flint) сезимсиздикти жана таш боордукту гана берсе, кыргыз тилинде «таш жүрөк» ырайымсыздыкты да, тайманбастыкты да билдирет.

2. Заттык метафоралар

«Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин заттык метафоралары беш белгини камтыйт: күйүүчү зат, жарылуучу зат, катуу зат, жумшак зат жана металл; беши тең эки тилде катталып, бул категорияда толук симметрия түзөт. «Күйүүчү зат» белгиси «от» белгиси менен дал келет (күйүү, өрттөнүү; flame, burn, kindle), ал эми «жарылуучу зат» варианты *жарылуу, атуу* жана *burst* этиштери аркылуу актуалдашат.

«Катуу/жумшак зат» белгилери жүрөктүн текстуралык мүнөздөмөлөрүн чагылдырат: катуу зат сыяктуу жүрөккө так калат, ал сынат; жумшак заттай эзилет, эрийт, жанчылат; бул белгилерге *чопо* жана *чаң* да кирет. Англис тилинде жумшактык мээримдүүлүктү (soft-hearted), катуулук сезимсиздикти (hard-hearted) билдирет. Кыргыз тилинде бул оппозициянын баалуулук багыты башкача: катуулук ырайымсыздыкты гана эмес, кайраттуулукту да билдирет – «Манас» эпосунда баатырдын жүрөгү дал ушул сапаттар аркылуу сүрөттөлөт (коргошун жүрөк, темир жүрөк, таш жүрөк). Демек, бул категориядагы симметрия белгилердин аксиологиялык жүктөлүшүнө эмес, алардын курамына тиешелүү.

3. «Тамак» белгиси

«Тамак» белгиси мифологиялык негизге ээ: Скандинавия мифинде Сигурд ажыдаардын жүрөгүн жегенде келечекти көрүү жөндөмүнө ээ болот, «Манас» эпосунда Чыйырды жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Бул сюжеттер жүрөктү адамдын жан дүйнөсүнүн материалдык ташуучусу катары концептуалдаштырат.

«Жүрөктүн» тамак белгилерине май (майлуу жүрөк), алма (алмадай жүрөгүм), мите курт тамагы (жүрөгүн митедей жеген), бир жутум тамак (жүрөгүн лук жутуп) сыяктуу образдар кирет. Англис тилинде «Heart» таттуу (sweetheart), ачуу (bitter), чийки (raw), таза (fresh) же бузулган (tainted) тамак катары сыпатталат. Жүрөктү жегенге (eat one’s heart) жана кемирүүгө (gnaw one’s heart) болот.

«Жүрөк-олжо» белгиси «тамак» макромоделинин бөлүгү: жүрөккө жебе, найза, ок, бычак кирет; ал капканга, торго түшөт; ар түрдүү сезимдер жүрөктү жаралайт, тилет, айрат. Эки тилде тең бул метафоралар эмоционалдык азапты физикалык оору менен салыштырат.

4. Буюмдук белгилер

Жүрөктүн буюмдук мүнөздөмөлөрүн анын оор же жеңил болушун, жоголушун, берилишин, сынышын көрсөткөн сөз айкаштары чагылдырат (heavy heart, to break sb’s heart, to lose heart, жүрөгү түштү, жүрөгү жеңилдеди).

5. Артефакттык белгилер

Жүрөктүн артефакттык белгилери балка (heart hammers), сүрөт (жүрөктөгү элесиң), китеп (read sb’s heart), бычак (курч/мокок жүрөк), шам чырак (жүрөктүн билиги), кулпу (жүрөктүн ачкычы) ж.б. турмуш-тиричилик буюмдары менен ассоциацияланат. Бул метафоралар жүрөктүн сактагыч, жарык булагы жана эстутум функцияларын сүрөттөйт.

Жүрөк сезимдердин топтолгон жери катары музыкалык аспаптар менен ассоциацияланат: «кылдуу аспаптар» (жүрөк кылдары, heart-strings), «барабан» (drumming heart) жана «коңгуроо» (heart rang) белгилери эмоционалдык абалдарды мелодиялык жана ритмикалык образдар менен берет.

«Жип-кездеме-кийим» метафоралары жүрөккө текстилдин касиеттерин ыйгарат: жүрөктү киет (wear one’s heart), сыгат (жүрөгү сыгылды), ал айрылат (torn heart), байланат (жүрөгүм байланып калды). Текстилдик образдар жүрөктүн ийилчээктигин жана сырткы таасирлерге туруксуздугун көрсөтөт.

«Жүрөк-үй» метафорасы эки тилде тең жүрөктү сезимдер кирген, чыккан, жашаган жай катары концептуалдаштырат. «Жүрөк-үйдүн» дубалы (жүрөккө кадалып), каалгасы (жүрөгүн ачты), төрү (жүрөгүмдүн төрүндө) бар.

Сандык талдоо көрсөткөндөй, жансыз табияттын 57 образдык белгисинин 21и эки тилде тең кездешет, 14ү бир гана «Жүрөк», 22си бир гана «Heart» концептине мүнөздүү. Окшоштуктар стихиялык жана заттык категорияларга топтолгон: заттык белгилерде толук симметрия байкалып, беш белги тең эки тилде катталды, бул жүрөктүн физикалык-материалдык касиеттер аркылуу образдашуусунун жалпы адамзаттык мүнөзүн тастыктайт. Эң чоң асимметрия тамак жана артефакттык категорияларда: кыргыз тилине гана мүнөздүү 14 белгинин 13ү, англис тилине гана мүнөздүү 22 белгинин 19у ушул категорияларга туура келет. Тамак категориясында кыргыз тилинде жүрөктүн өзү азык катары концептуалдашса (май, алма), англис тилинде анын абалы даамдык белгилер аркылуу берилет (sweet, bitter, raw). Артефакттык белгилерде кыргыз концепти сактоо буюмдарына (сүрөт, кулпу, куту), англис концепти техникалык механизмдер менен добуш объектилерине (насос, барабан, коңгуроо) тартылат.

**Жандуу табияттын белгилери:**

«Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин жандуу табиятка кирген образдык белгилерине вегетативдик, соматикалык, виталдык, эмотивдик, зооморфтук, антропоморфтук, менталдык жана перцептивдик белгилер кирет.

1. Вегетативдик белгилер

«Жүрөк» концептинин вегетативдик белгилери *бакча, гүлзар, алма, гүл* образдарын камтыйт; англис тилинде «өсүмдүк» белгиси *root, grow, wither* этиштери, «жемиш» белгиси *fruit, ripe* аркылуу актуалдашат (жүрөк гүлү, алмадай жүрөк, fruit of one’s heart, grow in heart). Өсүмдүк метафоралары эмоционалдык өнүгүүнү табигый процесс катары концептуалдаштырат.

2. Соматикалык белгилер

Соматикалык белгилер жүрөктү дененин башка бөлүктөрү аркылуу сүрөттөйт: кыргыз тилинде «дене», «көкүрөк», «баш», «кол», «өпкө», «ашказан»

ж.б., англис тилинде «дене», «баш», «жүз», «кол», «тери» ж.б. Мисалы, *naked heart* – дененин, *heart tripped up* – буттун, *жүрөккө тамак барбоо* - ашказандын, *жүрөгү сыйрылуу* – теринин образдарын сүрөттөйт.

3. Виталдык белгилер

Виталдык код тирүү организмге тиешелүү касиеттерди камтыйт. Кыргыз тилинде виталдык белгилер *каруу/жашаруу, жараланую, ооруу/айыгуу, төрөлүү/өлүү* ж.б. этиштер менен берилсе; англис тилиндеги виталдык белгилер кыйла кеңири: *alive, dead, young, old; sleep, wake up, ache, speak, cry* ж.б. Эки тилдеги «кыймыл» белгилери *көтөрүлүү, түшүү, секирүү, титирөө* метафораларын камтыйт.

«Жүрөк-ооору» модели виталдык коддун бөлүгү, жана кыргыз тилинде жүрөктүн ооруларына *шишик* (шишик басты жүрөктү), *сары зил* (сары зил болду жүрөгүм), англис тилинде *fever, spasm, plague of heart* белгилери кирет. «Жүрөк-жара» варианты катары жүрөк эки тилде тең канайт, ооруйт, сыздайт, бул концепттин адамдын психикалык жана физикалык абалын сүрөттөөдөгү борбордук ролун далилдейт.

4. Эмотивдик белгилер

Жүрөк сезимдердин пайда болуучу жана сакталуучу жайы катары позитивдүү жана негативдүү эмоциялардын бүткүл спектрин камтыйт: кыргыз тилинде *чоочуу, алдастоо, капалануу, кусалануу, сүйүнүү* ж.б., англис тилинде *тынчсыздандыруу, кубантуу, таңдантуу, коркуу, толкундануу* ж.б. (worry, gladden, surprise, dread, thrill) метафоралары колдонулат.

5. Зооморфтук белгилер

Зооморфтук код байыркы метафоралардын катарына кирет: «Жүрөк» концептинин «куш» моделине *чымчык, бөдөнө, балапан, туйгун*, «жаныбарлар» моделине *арстан, ат, тай, коён* кирсе, «Heart» концептинде *lion, horse, dog, bird* метафоралары колдонулат. Зооморфтук метафоралар жүрөктүн динамикасын (жүрөгүн камчылап, heart is galloping) жана мүнөздү (жүрөгүндө жалы бар, lion-hearted) сүрөттөйт.

6. Антропоморфтук белгилер

«Кесип» жана «лингвомаданий типтер» моделдери социалдык ролдорду чагылдырат: кыргыз тилинде «сот» (жүрөк сот), «жоокер» (жүрөгү багынбас), «ырчы» (жүрөгү ырдайт), англис тилинде «сот» (judge with heart), «мугалим» (heart teaches), «ырчы» (heart sings). Кыргыз типтери (атчан, жолоочу, сырдаш) көчмөндүк маданияттын изин жана эмоционалдык байланыштардын маанисин, англис типтери (диктатор, козголоңчу, кызматчы) күчтүк мамилелерди жана инсандык кыйынчылыктарды чагылдырат.

«Мүнөз» модели адамдын психологиялык касиеттерин ачат: кыргыз тилинде *чынчыл* (жүрөк калп дебес), *коркок* (жүрөгү титиреп), *тартынчаак* (жүрөк батынбай), англис тилинде *ынак* (faithful heart), *назик* (tender heart), *боорукер* (sympathetic heart) сапаттары колдонулат.

«Жаш/жыныс» моделдери маданий-социалдык иерархияны чагылдырат: кыргызча *бала, эне* (эне жүрөгү), *жигит, ата* (ата жүрөгү) категориялары улуттук үй-бүлөлүк түзүлүштү берсе, англисче *young/old heart* белгилери жөнөкөй универсалдуу классификацияны түзөт.

7. Менталдык белгилер жүрөктү акыл-эстин орду катары көрсөтөт: ЖҮРӨК лексемасы *эс* жана *ой* түшүнүктөрүнүн синоними катары колдонулса, англис тилинде когнитивдик процесстер *think, know, understand, know by heart, forget* этиштери аркылуу берилет.

8. Перцептивдик белгилер *көрүү/see, угуу/listen, сезүү/forebode* этиштери аркылуу ишке ашат: жүрөк түздөн-түз сезүү органы катары концептуалдашып, интуициянын жана эмоционалдык интеллекттин маанисин баса көрсөтөт.

Жандуу табияттын 137 белгисинин 48и эки тилде тең кездешет, 45и кыргыз, 44ү англис тилине гана мүнөздүү. Перцептивдик белгилер толугу менен, менталдык жана соматикалык белгилердин көпчүлүгү, ошондой эле виталдык өзөк белгилер (жылуу/үшүү, жарalануу, ооруу, өлүү) эки тилге орток болуп, жүрөктү кабылдоонун жалпы адамзаттык негизин түзөт. Уникалдуу белгилердин үлүшү боюнча кыргыз тилинин өзгөчөлүгү вегетативдик (7нин 4ү) жана зооморфтук (12нин 7си), абсолюттук сан боюнча антропоморфтук (15) жана эмотивдик (9) категорияларда эң жогору; «ата», «эне», «бала» белгилери жүрөктүн «үй-бүлөлүк сүйүүнүн борбору» семантикасын күчөтөт. Англис белгилери виталдык (14) жана антропоморфтук (19) категорияларда топтолуп, жүрөктү коомдук ролдор жана биологиялык абалдар (уктоо, чарчоо, тоюу) аркылуу сүрөттөйт. Антропоморфтук категория эки тилде тең продуктивдүү (кыргызча 15, англисче 19 уникалдуу белги), андыктан айырма анын көлөмүндө эмес, багытында: кыргыз тилинде туугандык-поэтикалык, англис тилинде коомдук-иерархиялык типтер басымдуулук кылат. Жалпылап айтканда, кыргыз тилинде «Жүрөк» жаратылыш менен синхрондошкон, ички, лирикалык образ катары, ал эми англис тилинде «Heart» коомдук ролдорго жана биологиялык реализмге багытталган «экстравертивдик» образ катары концептуалдашат.

### 3.2. «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин символдук белгилери

Символ тил илиминде бир белгини экинчи бир белги аркылуу туюндурууну билдирет. Э.Бенвенисттин айтымында символдоо жөндөмү психикалык функциялардын негизинде жатат.

1. Жүрөк – жашоонун маңызы

«Heart» жана «Жүрөк» концепттеринин эң байыркы символдук белгиси жүрөктүн жашоонун маңызы менен байланышы болуп саналат: жүрөктүн согушу тирүүлүктү, токтошу өлүмдү билдирет (Сен токтосоң, анда менин өлгөнүм). Эки тилде тең бул символика «Жүрөк» менен «Жан» синоним катары колдонулушунан көрүнөт (жүрөгү күйүү – жаны күйүү, bless one’s heart/soul).

2. Жүрөк – бир нерсенин борбору, маңызы

Англис тилинде жүрөк бир нерсенин маанилүү бөлүгүн, маңызын, өзөгүн билдирет: «the heart of the matter» маселенин борбордук бөлүгү, «heartbeat»

жашоонун ритми, пульсу (the heartbeat of the city). Кыргыз тилинде да бул символиканын мааниси чоң: «Жүрөгүм күйгүчө, билегим күйсүн» макалы жүрөктү адамдын жашоосунун борбору катары тастыктаса, «жүрөгүн алуу», «сары суусун алуу» жашоо күчүн алууну билдирет.

3. Жүрөк – эмоциялардын жана сезимдердин орду

Жүрөктүн эмоционалдык чөйрө менен символдук байланышы негизги белги. HEART IS A CONTAINER метафорасы *to pour one's heart out, жүрөккө кайгы толуу* туюндурмаларынын негизинде жатат. Англис тилинде эмоционалдык абалдар жүрөктүн мүнөздөмөлөрү аркылуу дифференцияланса (light-/broken-/cold-hearted), кыргыз тилинде температуралык жана физикалык өзгөрүүлөрдүн палитрасы (өрттөнүү, тоңуу, жарылуу, эзилүү) колдонулат.

4. Жүрөк – сүйүүнүн борбору

Жүрөктүн сүйүү менен символдук байланышы эң туруктуу маданий коддордун бири. *To give/break one's heart* жана *жүрөгүн берүү/ээлеп алуу* жүрөктү сүйүүнүн борбору катары концептуалдаштырса, кыргыз фразеологиясы сүйүүдөн азап чегүүнү *жараланую, тилинүү, ачышуу* образдары аркылуу чагылдырат. Батыш маданиятында жүрөктүн графикалык формасы сүйүүнүн визуалдык белгисине айланган.

5. Жүрөк – адеп-ахлактын жана руханияттын борбору

Эки лингвомаданиятта тең жүрөк адеп-ахлактык башаттын борбору болуп саналат. Англис тилинде моралдык баа жүрөктүн мүнөздөмөлөрү аркылуу берилет (pure heart, cruel heart), «акыл – жүрөк» оппозициясы лексикалашкан жуп аркылуу туюндурулат (to follow one's heart – to follow one's head), жана христиан салты Sacred Heart образын бекиткен. Кыргыз тилинде адеп-ахлактык символика ислам салты менен байланышкан: жүрөк (араб. qalb) ыйман жайгашкан жер катары каралат, «ак жүрөк – кара жүрөк» оппозициясы жакшылык менен жамандыктын дихотомиясын чагылдырат. «Акыл – жүрөк» оппозициясы мында да түзүлөт, бирок ал башка мүнөзгө ээ: туруктуу лексикалашкан жубу жок, ал эми оппозициянын өзү дихотомия эмес, иерархия түрүндө берилет. Ошондой эле жүрөккө таанып-билүү функциялары ыйгарылып, «жүрөктүн көзү» чындыкты жүрөк менен көрүү жөндөмүн берет, демек жүрөк акылга каршы коюлбастан, андан жогору турат.

6. Жүрөк – эрдик жана баатырдыктын символу

Эрдик жана баатырдыктын символдук даражасы эки тилде бирдей эмес. Эски англисчеде эрдик жүрөк аркылуу концептуалдаштырылган (Richard the Lionheart), заманбап англис тилинде бул маани жумшарып, чечкиндүүлүк маанисине өткөн (to have heart, to lose heart). Кыргыз тилинде эрдик символикасы негизги орунда: «жүрөгү бар» – тайманбас, «жүрөгү жок» – коркок; баатырдык «жүрөгү тоо», «коргошун жүрөк» метафоралары аркылуу берилип, «эр жүрөк» аялдарга карата да колдонулат.

### 3.3. «Жүрөк/Heart» концептинин фразеологиялык бирдиктеринин котормо эквиваленттүүлүгү

Талдоонун негизги куралы – А.В. Кунин менен Л.К. Байрамованын төрт баскычтуу типологиясы: ар бир бирдик мааниси, образдык негизи, структуралык-грамматикалык модели жана лексикалык курамы боюнча толук эквиваленттерге, жарым-жартылай эквиваленттерге, фразеологиялык аналогдорго же лакуналарга киргизилди. Алынган типтер эки алкакта чечмеленди – Х.Ф. Айхеланын «сактоо – алмаштыруу» шкаласында жана Ж. Хаустун ачык/жашыруун котормо моделинде; бул алкактар бирдиктерди класстарга бөлүүгө катышпай, класстардын котормо практикасы үчүн эмнени билдирерин түшүндүрөт. Жалпысынан 176 фразеологиялык бирдик каралып, 165 маани талданды (кыргызча 97, англисче 68).

Толук эквиваленттер универсалдуу денелик тажрыйбага жана жүрөктүн эң жөнөкөй баалуулук метафорасына таянат: таш жүрөк (2-мааниси) – a heart of stone, жүрөгү оозуна тыгылуу – one’s heart is in one’s mouth, жүрөгү каноо – one’s heart bleeds, жүрөгү жаралуу – a wounded heart. Жарым-жартылай эквиваленттерде образ сакталып, лексикалык каражат айырмаланат (жүрөгү майлуу – stout-hearted, жүрөгү муз – cold-hearted). Аналогдордо маани бирдей болуп, образдык негиз башка болот (жүрөгү тоо, жүрөгү экөө – lion-hearted). Лакуналар ачык котормону, калька менен түшүндүрмөнү же сүрөттөөчү котормону талап кылат; алар төртөө гана жана эки чекитке топтолгон – элдик медицина менен ырым-жырым (жүрөк көтөрүү, жүрөгү түшүү 2-мааниси) жана улуттук предметтик образдар (жүрөгүнө чок салуу, жүрөк эти толуу).

Формалдык окшоштугуна карабай маанилери дал келбеген түгөйлөр өзүнчө каралды. Алар үчөө: «жүрөгү ылдыйлоо» сөздүктө «санаасы тынып, эс ала түшүү» деп чечмеленсе, структуралык жактан дээрлик бирдей «one’s heart sinks» тескерисинче үмүт үзүлүүнү билдирет; «таш жүрөк» биринчи маанисинде «кайраттуу, чыдамкай» дегенди берсе, анын формалдык кош өңүрү «a heart of stone» ырайымсыздыкты билдирет. «Жүрөгү жок» биринчи маанисинде «коркок» дегенди билдирсе, формалдык жактан бирдей heartless ырайымсыздыкты туюндурат; бирдиктин экинчи мааниси болсо heartless менен дал келет. Бардык учурларда сөзмө-сөз котормо семантикалык инверсияга алып келет. Ошондой эле соматизмдин туруктуу жылышуу зонасы аныкталды: ашказан-тамактануу чөйрөсүндөгү төрт бирдикте (жүрөгү айлануу, жүрөгү көтөрүлүү, жүрөгү караюу, жүрөккө барбоо) кыргыз тили абалды жүрөккө локалдаштырса, англис тили аны *stomach* соматизми аркылуу берет.

Бирдиктердин типтер боюнча сандык бөлүштүрүлүшү мындай: толук эквиваленттер кыргыз материалынын 17,5 %ын, англис материалынын 22,1 %ын түзөт; жарым-жартылай эквиваленттер менен фразеологиялык аналогдор – 78,4 % жана 76,5 %; эквивалентсиз бирдиктер – 4,1 % жана 1,5 % (англис бөлүгүндө пайыздар 68 бирдиктен эсептелди, анткени 15 терминологиялык композит фразеологияга кирбейт). Эң чоң топту эки багытта тең аналогдор түзөт (58,8 % жана 52,9 %): котормодо үстөмдүк кылган ыкма эквиваленттик дал келүү эмес, образдык алмаштыруу. Семантикалык талаалардын асимметриясы да аныкталды:

кыргыз жүрөк «коркуу, чочуу» талаасында өтө продуктивдүү болсо, англис heart бул талааны дээрлик тейлебейт; тескерисинче, англис тилинде продуктивдүү болгон сезимди ачык билдирүү талаасы кыргыз тилинде *көңүл* компоненти аркылуу берилет.

Эквиваленттүүлүктүн деңгээли менен концепттин структурасынын байланышы өзүнчө текшерилди. Ар бир бирдикке 2- жана 3-баптарда аныкталган белгилердин негизинде образдын катмары ыйгарылып, катмар котормо материалына кайрылганга чейин аныкталды. Кайчылаш талдоо толук эквиваленттердин денелик сезим катмарына, лакуналардын улуттук практика катмарына топтолгонун, ал эми аналогдордун бардык катмарларга жайылганын көрсөттү. Айырманы соматизмдин сакталышы түшүндүрөт: толук жана жарым-жартылай эквиваленттердин баарында жүрөк компоненти эки тилде тең сакталса, лакуналардын бирөөндө да сакталбайт, аналогдордо болсо жүрөк көп учурда башка соматизм менен алмашат. Демек, эквиваленттүүлүктүн деңгээли үч баскычтуу шартка баш ийет: универсалдуу денелик негиз соматизмдин дал келиши менен коштолгондо – толук же жарым-жартылай эквивалент; ошол эле негизде образ же соматизм айырмаланганда – аналог; образ улуттук практикага байланганда – лакуна.

Аныкталган типтердин көркөм котормодо ишке ашышы сынамык деңгээлде текшерилди (К. Акматовдун «Архат» романы менен «Манастын төрөлүшү» эпизодунун котормолорундагы 31 контекст). Текшерүү сөздүк дал келүүсү контексттердин бир бөлүгүндө гана түздөн-түз ишке ашарын, толук эквиваленттин болушу анын тексттеги колдонулушун камсыз кылбай турганын көрсөттү. Ушуну менен салыштырмалуу которулуучулук принциби тастыкталат: которулуучулуктун чеги тилдин өзүндө эмес, концепттин структурасында жатат, ал эми конкреттүү чечимди контекст аныктайт. Кыргызстанда котормо теориясы негизинен кыргызча-орусча көркөм котормонун материалында калыптанып, кыргызча-англисче түгөй концепттик деңгээлде системалуу түрдө иштелип чыга элек болгондуктан бул иштин натыйжалары кыргыз котормо таануусу үчүн да мааниге ээ.

## КОРУТУНДУ

*Концептти талдоонун натыйжалары боюнча:*

1. Мотивациялоочу белгилер 8 этимологиялык сөздүктүн анализинин негизинде беш топко бөлүндү (ички, борбор, жан, кайраттуулук, кыймыл): 36 белгинин 23ү орток, 5и «Жүрөк», 8и «Heart» концептине гана мүнөздүү. Кыргыз тилинде этимологиялык база жетишсиз болгондуктан, бул катмар тектеш алтай, түрк жана чуваш булактарынын маалыматтары аркылуу калыбына келтирилди.
2. Түшүнүктүк белгилер (10 сөздүктүн маалыматы боюнча 42: 31и орток, 7си англис, 4ү кыргыз тилинде гана) мотивациялоочу белгилердин негизинде өнүгүп, аларды байыткандыгы *ырайым/аёо/сүйүү, мүнөз, жүрөктүн формасы* сыяктуу жаңы маанилердин кошулушунда көрүндү.

3. Категориялык белгилер (дименсионалдык, квалитативдик, квантитативдик, колоративдик, мейкиндиктик, темпоралдык, баалык) «Heart» концептинде кеңири берилет, ал эми кыргыз тилинде туруктуу системаны «ак жүрөк — кара жүрөк» дихотомиясы түзөт.

4. Жансыз жана жандуу табияттын 194 образдык белгиси аныкталды (69у орток, 59у «Жүрөк», 66сы «Heart» концептине гана мүнөздүү); «от» модели эң продуктивдүү. Улуттук өзгөчөлүк кыргыз концептинде вегетативдик жана зооморфтук категориялардагы уникалдуу белгилердин үлүшүнүн жогорулугунда, англис концептинде виталдык жана антропоморфтук белгилердин молдугунда көрүнөт.

5. Эки лингвомаданиятта тең жүрөк жашоонун негизи, бир нерсенин өзөгү, эмоциялардын орду, сүйүүнүн борбору, адеп-ахлактын булагы жана эрдиктин символу катары универсалдуу кабыл алынат, бирок кыргыз маданиятында баатырдыкка жана ислам руханиятына, англис маданиятында жеке адамдын ички тазалыгына басым жасалат. Ошондой эле кыргыз тилинде «ички дүйнө» талаасы *жүрөк* менен *көңүл* лексемаларынын ортосунда функционалдык жактан бөлүштүрүлгөнү аныкталып, бул котормодо түздөн-түз чагылары көрсөтүлдү.

Концепттин фразеологиялык бирдиктери А.В. Кунин менен Л.К. Байрамованын типологиясы боюнча толук жана жарым-жартылай эквиваленттерге, аналогдорго жана лакуналарга бөлүштүрүлүп, ар бир тип Х.Ф. Айхеланын стратегиялары жана Ж. Хаустун модели менен байланыштырылды. Толук эквиваленттер кыргыз материалынын 17,5 %ын, англис материалынын 22,1 %ын гана түзөт; жарым-жартылай эквиваленттер менен аналогдорго 78,4 % жана 76,5 %, лакуналарга 4,1 % жана 1,5 % туура келет. Эквиваленттүүлүктүн деңгээли образдын «улуттуктугу» менен эмес, анын катмары жана котормо дал келүүсүндө соматизмдин сакталышы менен аныктала турганы көрсөтүлдү. Өзүнчө формасы дал келип, мааниси карама-каршы болгон, ошондуктан котормочуга эч кандай формалдык белги бербеген жалган дал келүүлөр жана кыргыз *жүрөгү* англис *stomach* соматизмине туура келген туруктуу жылышуу зонасы бөлүнүп көрсөтүлдү.

Изилдөөнүн жалпылоочу натыйжасы төмөнкүдөй: концепттин структурасында универсалдуулук менен этноспецификалык башка-башка деңгээлдерде жайгашкан – образдуу жана символдук репрезентациянын түрлөрү универсалдуу болсо, алардын мазмундук толукталышы маданий-спецификалык мүнөзгө ээ. Демек, эки лингвомаданияттын айырмасы маанилердин деңгээлинде эмес, ошол маанилерди берген образдардын деңгээлинде жатат, ал эми котормо эквиваленттүүлүгүнүн деңгээли бул асимметриянын сапаттык-сандык көрсөткүчү болуп саналат.

**Натыйжалардын илимий жаңылыгы төрт деңгээлде көрүнөт. Концептологиялык** – кыргыз соматикалык концептке Санкт-Петербург – Кемерово мектебинин концепттин белгилерин ырааттуу ажыратуу ыкмасы биринчи жолу системалуу колдонулуп, процедура этимографиясы чектелүү

тилдин материалына ыңгайлаштырылды: мотивациялоочу катмар бир тилдин сөздүгүнөн эмес, тектеш алтай, түрк жана чуваш тилдеринин маалыматтарынын кесилишинен калыбына келтирилди, бул мындай процедураны ушул типтеги башка тилдерге колдонууга жол ачат. **Салыштырма тил илими** – кыргызча-англисче түгөйдүн методологиялык баалуулугу көрсөтүлдү: кыргызча-орусча түгөйдө дал келүүлөрдүн бир бөлүгү узак контакт менен жалпы маданий катмардан улам келип чыгышы мүмкүн болсо, генетикалык жана структуралык жактан алыс, тарыхый контакт болбогон тилдердин түгөйүндө образдык моделдердин дал келиши тилдер аралык өздөштүрүү аркылуу эмес, денелик тажрыйбанын жалпылыгы менен түшүндүрүлөт. **Лингвомаданияттык** – эки менталитеттин айырмасы концепттин маанилеринин курамында эмес, анын образдык жана символдук чагылдырылыш багытында көрүнөрү аныкталды: кыргыз лингвомаданиятында жүрөк жаратылыш менен байланышкан, туугандык-үй-бүлөлүк жана баатырдык-диний образ катары, англис лингвомаданиятында артефакттык, социалдык-ролдук жана жеке-этикалык образ катары ачылат; мында адеп-ахлактык баа кыргыз тилинде туруктуу колоративдик дихотомияда бекемделсе, англис тилинде аналитикалык жол менен берилет, ал эми «акыл – жүрөк» оппозициясы англис тилинде лексикалашкан дихотомия түрүндө, кыргыз тилинде иерархия түрүндө көрүнөт, анткени жүрөктүн өзүнө таанып-билүү функциялары ыйгарылат. **Котормо таануу** деңгээлинде эквиваленттүүлүктүн типтери Х.Ф. Айхеланын стратегиялары жана Ж. Хаустун модели менен байланыштырылып, эквиваленттүүлүктүн деңгээли образдын катмары жана соматизмдин сакталышы менен шартталганы аныкталды, ошондой эле концептология менен котормо таануунун эки тараптуу байланышы негизделди: концептуалдык талдоо эквиваленттүүлүктүн типтерин түшүндүрсө, котормо материалы концептуалдык сыпаттоону текшерүү каражаты болуп кызмат кылат. Алынган сыпаттама лексикографияда катталган системалык дал келүүлөрдүн деңгээлин чагылдырат; алардын көркөм тексттеги ишке ашышы сынамык деңгээлде текшерилди.

Иштин практикалык сунуштары төмөнкүлөр. Котормочуларды даярдоо программаларына соматикалык фразеологияны эквиваленттүүлүк типтери боюнча иштөө көнүгүүлөрүн киргизүү сунушталат, мында өзгөчө көңүл жалган эквиваленттердин формалдык белги бербеген тибине бурулушу зарыл. Эки тилдүү фразеологиялык сөздүктөрдү түзүүдө сөздүк макаласына эквиваленттүүлүктүн тибин жана образдын сакталуу деңгээлин көрсөтүүчү белги киргизүү сунушталат; мындай белги котормочуга бирдиктин маданий салмагы жөнүндө алдын ала маалымат берет. Диссертациянын тиркемелериндеги таблицалар мындай сөздүк макаласынын үлгүсү катары колдонулушу мүмкүн.

Изилдөө атайын тилдин кодификацияланган катмары менен чектелди: талдоо бирдиги катары сөздүктө катталган же текст менен тастыкталган белги алынды, бул натыйжалардын текшерилүүчүлүгүн жана кайталанышын камсыз кылат. Автор тарабынан жүргүзүлүп, жарым-жартылай жарыяланган эркин

ассоциативдик эксперименттин маалыматтары (238 респондент) тилдик аң-сезимдин актуалдуу абалын чагылдырат жана башка текшерүү процедурасын талап кылат, ошондуктан бул иште колдонулган жок. Аларды лексикографиялык жана тексттик булактардан аныкталган белгилер менен салыштыруу, ошондой эле диалекттик материалды тартуу андан аркы изилдөөнүн өз алдынча милдети болуп саналат. Иш кыргыз тилинин башка соматикалык концепттерин («баш», «кол», «көз») ушул эле ыкма менен изилдөөгө жана «Жүрөк» концептин казак, өзбек, уйгур тилдери менен салыштырууга негиз боло алат.

Ошентип, коюлган максатка жетип, милдеттер чечилип, коргоого коюлган төрт жобо тилдик материалдын негизинде тастыкталды. Иштин негизги жыйынтыгы – универсалдуулук менен этноспецификалыктын концепттин структурасындагы башка-башка деңгээлдерге бөлүштүрүлүшүн көрсөтүү жана бул бөлүштүрүүнү котормо материалында баалоонун жолун сунуштоо – концептологияны котормо таануу менен байланыштыруунун бир мүмкүнчүлүгүн ачат жана кыргыз тилинин материалында мындан ары жүргүзүлүүчү изилдөөлөр үчүн текшерилүүчү гипотеза берет.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

1) Байгобылова Г.А., Абдыкеримова А. «The concept of heart in the English and Kyrgyz linguistic view of the world» КЭАУ Жарчысы №02(41) 2020 https://muk.iuk.kg/wp-content/uploads/2021/12/MUK-2_2020.pdf

2) Байгобылова Г.А. «Interpretation of the concept of Heart in English and Kyrgyz views of the world (based on proverbs and sayings)» İnterstudia 31 (2021) https://www.ceeol.com/search/journal-detail?id=1138

3) Байгобылова Г.А., Бектурова А.А. «Категориальные признаки концептов жүрөк и heart в киргизской и английской языковых картинах мира» Бюллетень науки и практики №12. 2022 DOI: 10.33619/2414-2948/85/76 https://www.bulletennauki.ru/issue/85/

4) Байгобылова Г.А., Бектурова А.А. «Понятийные признаки концепта жүрөк/heart.» Бюллетень науки и практики №12. 2023 DOI: 10.33619/2414-2948/97/64 https://www.bulletennauki.ru/gallery/97_64

5) Байгобылова Г.А., Бектурова А.А. «Метафорические признаки в образном содержании концепта Жүрөк/Heart» Международный журнал экспериментального образования. № 4. 2024 https://expeducation.ru/article/view?id=12184

6) Калиева К.А., Найманова Ч.К., Байгобылова Г.А., Бектурова А.А., Апсаматова Г. «Water as a Commodity based on Epic «Manas»: A Semiotic Perspective» Bio Web of Conferences 107, 04020 (2024) https://doi.org/10.1051/bioconf/202410704020 https://www.bio-conferences.org/articles/bioconf/abs/2024/26/bioconf_yrc2024_04020/bioconf_yrc2024_04020.html

7) Калиева К.А., Найманова Ч.К., Байгобылова Г.А., Бектурова А.А., Апсаматова Г. «Representation of the Concept «Water» in Literature: An Eco-Feminist Perspective» BIO Web of Conferences **107**, 05005 (2024) https://doi.org/10.1051/bioconf/202410705005 https://www.bio-conferences.org/articles/bioconf/abs/2024/26/bioconf_yrc2024_05005/bioconf_yrc2024_05005.html

8) Байгобылова Г.А. «Мотивирующие признаки концептов Жүрөк и Heart» Бюллетень науки и практики №11. 2025 DOI: 10.33619/2414-2948/118/75 https://www.bulletennauki.ru/gallery/118_75.pdf

**Байгобылова Гульнара Акеновнанын**
**«Кыргыз жана англис тилдеринин менталдык семантикасындагы «Жүрөк/Heart» концепти» аттуу темада 530003 Котормо жана котормо таануу профили «Котормонун теориясы жана практикасы» адистиги боюнча Философиянын доктору (PhD) илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** «Жүрөк/Heart» концепти, мотивациялоочу, түшүнүктүк, категориялык, образдык, символдук белгилер, тилдик дүйнө тааным, лингвомаданият, фразеологиялык бирдик, котормо эквиваленттүүлүгү, концептуалдык асимметрия.

**Изилдөөнүн объектиси** – кыргыз жана англис тилдериндеги «Жүрөк» жана «Heart» концепттерин вербалдаштыруучу тилдик бирдиктер; котормо таануу талдоосунун атайын объектиси катары «жүрөк/heart» компоненттүү фразеологиялык бирдиктер жана алардын котормо дал келүүлөрү бөлүнүп каралат. **Предмети** – бул концепттердин когнитивдик белгилери (мотивациялоочу, түшүнүктүк, категориялык, образдык, символдук) жана аталган фразеологиялык бирдиктердин котормо эквиваленттүүлүгүнүн типтери.

**Иштин максаты** – «Жүрөк/Heart» концептинин когнитивдик белгилерин жана фразеологиялык бирдиктеринин котормо эквиваленттүүлүгүн салыштыруунун негизинде кыргыз жана англис тилдик дүйнө таанымдарында ал концепттин вербалдашуусунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана сүрөттөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн методдору:** концептуалдык, дефинициялык, компоненттик, этимологиялык, дистрибутивдик, контексттик, салыштырма-типологиялык, сүрөттөөчү – сандык талдоо; негизгиси – Санкт-Петербург – Кемерово мектебинин концепттин белгилерин ырааттуу ажыратуу ыкмасы. Котормо аспектисинде А.В. Кунин менен Л.К. Байрамованын типологиясы, Х.Ф. Айхеланын шкаласы, Ж. Хаустун ачык/жашыруун котормо модели жана параллель тексттерди салыштыруу колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жаңылыгы:** «Жүрөк» жана «Heart» концепттеринин базалык когнитивдик белгилери комплекстүү аныкталып системалаштырылды, образдуу жана символдук курамына салыштырма талдоо жүргүзүлдү; «жүрөк/heart» компоненттүү фразеологиялык бирдиктер кыргызча-англисче түгөйдө биринчи жолу эквиваленттүүлүк типтери боюнча классификацияланып, алынган типтер котормо стратегиялары менен чечмеленди; котормо эквиваленттүүлүгүнүн деңгээли образдын катмары жана соматизмдин сакталышы менен аныктала тургансы көрсөтүлүп, аныкталган типтердин көркөм котормодо ишке ашышы текшерилди.

**Иштин натыйжаларынын колдонуу чөйрөсү.** Иштин натыйжаларын жалпы тил илими, лингвомаданият таануу, салыштырма типология жана котормо теориясы

боюнча теориялык курстарда, котормочуларды даярдоодо жана эки тилдүү фразеологиялык сөздүктөрдү түзүүдө колдонсо болот.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Байгобыловой Гульнары Акеновны на тему «Концепт «Жүрөк/Heart» в ментальной семантике кыргызского и английского языков», представленной на соискание ученой степени доктора философии (PhD) по специальности 530003 Перевод и переводоведение, профиль «Теория и практика перевода»**

**Ключевые слова:** концепт «Жүрөк/Heart», мотивирующие, понятийные, категориальные, образные, символические признаки, языковая картина мира, лингвокультура, фразеологическая единица, переводческая эквивалентность, концептуальная асимметрия.

**Объект исследования** – языковые единицы кыргызского и английского языков, вербализующие концепты «Жүрөк» и «Heart»; в качестве специального объекта переводоведческого анализа выделены фразеологические единицы с компонентом «жүрөк/heart» и их переводные соответствия. **Предмет** – когнитивные признаки (мотивирующие, понятийные, категориальные, образные, символические) этих концептов и типы переводческой эквивалентности названных фразеологических единиц.

**Цель исследования** состоит в выявлении и описании особенностей вербализации концепта «Жүрөк/Heart» в кыргызской и английской языковых картинах мира на основе сопоставительного анализа его когнитивных признаков и переводческой эквивалентности его фразеологических единиц.

**Методы исследования:** концептуальный, дефиниционный, компонентный, этимологический, дистрибутивный, контекстуальный, сравнительно-типологический, описательно – количественный анализ; основной – метод последовательного выделения признаков концепта Санкт-Петербургско-Кемеровской школы. В переводческом аспекте применены типология А.В. Кунина и Л.К. Байрамовой, шкала Х.Ф. Айхелы, модель открытого/скрытого перевода Дж. Хаус и сопоставление параллельных текстов.

**Научная новизна результатов исследования:** комплексно определены и систематизированы базовые когнитивные признаки концептов «Жүрөк» и «Heart», проведён сопоставительный анализ их образной и символической составляющих; фразеологические единицы с компонентом «жүрөк/heart» впервые классифицированы в кыргызско-английской паре по типам переводческой эквивалентности, а полученные типы истолкованы через переводческие стратегии; установлено, что уровень эквивалентности определяется слоем образа и сохранностью соматизма, и проверена реализация выявленных типов в художественном переводе.

**Сфера использования результатов работы.** Результаты могут быть использованы в теоретических курсах общего языкознания, лингвокультурологии,

сравнительной типологии и теории перевода, при подготовке переводчиков и составлении двуязычных фразеологических словарей.


## SUMMARY

**of the dissertation by Baigobylova Gulnara Akenovna entitled "The Concept "Жүрөк/Heart" in the Mental Semantics of the Kyrgyz and English Languages", submitted for the degree of Doctor of Philosophy (PhD) in specialty 530003 Translation and Translation Studies, profile "Theory and Practice of Translation"**

**Keywords:** concept "Жүрөк/Heart", motivating, notional, categorical, figurative, symbolic features, linguistic worldview, linguoculture, phraseological unit, translation equivalence, conceptual asymmetry.

**The object of the research** is the linguistic units verbalizing the concepts "Жүрөк" and "Heart" in Kyrgyz and English; phraseological units with the component "жүрөк/heart" and their translation correspondences are singled out as a special object of translation analysis. **The subject** is the cognitive features of these concepts – motivating, notional, categorical, figurative and symbolic – and the types of translation equivalence of these phraseological units.

**The aim of the research** is to identify and describe the features of the verbalization of the concept "Жүрөк/Heart" in the Kyrgyz and English linguistic worldviews on the basis of a comparative analysis of its cognitive features and the translation equivalence of its phraseological units.

**Research methods:** conceptual, definitional, componential, etymological, distributive, contextual, comparative-typological, descriptive and quantitative analysis. The core method is the procedure of successive identification of conceptual features developed by the St. Petersburg–Kemerovo school; in the translation aspect, the typology of A.V. Kunin and L.K. Bayramova, H.F. Aixelá's scale, J. House's model of overt and covert translation and the comparison of parallel texts are applied.

**Scientific novelty of the research results:** the basic cognitive features of the concepts «Жүрөк» and «Heart» have been comprehensively identified and systematised, and their imagery and symbolic components have been analysed comparatively; phraseological units with the component «жүрөк/heart» have been classified for the first time in the Kyrgyz–English pair according to the types of translation equivalence, and the resulting types have been interpreted through translation strategies; it has been established that the level of equivalence is determined by the layer of the image and by the retention of the somatism, and the realisation of the identified types in literary translation has been verified.

**Fields of application.** The findings can be used in theoretical courses of general linguistics, linguoculturology, comparative typology and translation theory, in the training of translators and in compiling bilingual phraseological dictionaries.